33-тиркеме

2021-жылдын 5-сентябрындагы
№1 педагогикалык кеңеште
каралды

БЕКИТЕМ
директор
А.Асаналиева
_____________ 2021-жыл

*(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 24-июлундагы № 449 токтомуна ылайык күчүн жоготту, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 24-декабрындагы№ 878 токтому, балдар иштери боюнча комиссиясынын иштөө тартиби жөнүндө ЖОБОнун негизинде)*

**К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин Профилактикалык Кеңешинин милдеттери, ыйгарым укугу жана окуяны кароо тартиби жөнүндө**

# НУСКАМА

## 1-бөлүк. Кенеш жөнүндө жалпы маалымат

1. Профилактикалык Кеңештин ишмердүүлүгү укук бузуулардын алдын алууга, баланын укуктарын коргоого жана жалпы билим берүүчү уюмдардагы зомбулук фактыларын териштирүү, зомбулук фактылары боюнча иш-аракеттердин алгоритмин аныктоого, ошону менен катар тийиштүү чаралардын көтөрүлүшүнө багытталган.
2. Профилактикалык Кеңеш башкаруунун коомдук органы катары кеңеш чечимдерди чыгарат, анын негизинде мектептин директору жалпы билим берүү мекемеси боюнча буйрук чыгарат, чара көрүү планын жана жекече иш планын бекитет же балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдарга, милицияга, балдар иштери боюнча комиссияга ж.б. кат түрүндө кайрылат.
3. Профилактикалык Кеңештин туруктуу катышуучуларына төмөнкүлөр кирет.
- жалпы билим берүү мекемесинин директору,
- педагогикалык жамааттын мүчөлөрү,
- балдар иштери боюнча инспекциянын инспектору,
- социалдык педагог,
- коомчулуктун өкүлдөрү,
- чоң класстын окуучулары,
- ата-энелер комитетинин мүчөлөрү.

Профилактикалык Кеңештин иши үчүн, жалпы билим мекемесиндеги зомбулук окуясын териштирүүнүн жыйынтыгында кабыл алынып аткан жана кабыл алынган чечим үчүн жалпы билим берүү мекемесинин жетекчиси керт башы менен жооп берет.

4. Профилактикалык Кеңештин отуруму айына эң аз 1жолу өткөрүлөт.

Ар бир конкреттүү учурда Профилактикалык Кеңештин төрөгасы тарабынан отурумга катыша турган кошумча адамдардын курамы аныкталат.

Scanned by TapScanner

Отурумда ошол бир ай ичинде келип түшкөн окуялар каралат.

Профилактикалык Кеңештин катчысы жалпы билим берүү мекемесиндеги зомбулук фактыларынын эсебин төмөнкү критерийлерге жараша жүргүзүлөт:

- мүнөзүнө жараша зомбулуктун деңгээли жана түрү (физикалык, сексуалдык жана психологиялык зомбулук, кайдыгер мамиле);
- зомбулуктун тиби (ачык жана жашыруун) ;
- окуя болгон жер жана убакыт (сабак учурунда же сабактардан кийин, мектепке бараткан/ келе аткан жолдо, үйдө жүргөндө ж.б.) ;
- зомбулук окуяларынын саны;
- окуучуга карата зомбулук кылган же кылып жаткан объект (адам же адамдар) (жеке курамы, ата-энелер, туугандар, башка окуучулар, мугалимдер, мектептин кызматкерлери, бөтөн адамдар ж.б.)
- конфиликтин же зомбулук иш-аракеттеринин катышуучуларынын гендердик курамы, классы.

5.Жалпы билим берүү мекемесинде зомбулук факты катталган учурда жалпы билим берүү мекемесинин Профилактикалык Кеңештин миллеттери жана иш-аракеттер зомбулуктун таасир этүүсүнүн оордугуна жараша аныкталат.

Профилактикалык Кеңеш жаңжалды алгачкы териштирүү жана жаңжалдын деңгээлин, жаңжалда катышкан адамдарды жана зомбулуктун индикаторлорун аныктоо үчүн керектүү болгон дагы башка **жагдайларды аныктоо жана нөөмөтчү администратор, тарбия иштери боюнча директордун орун басары, социалдык педагог, психолог, окуу бөлүмүнүн башчысы-уюштуруучудан турган алгач комиссиянын ыкчам аралашуусу үчүн, Профилактикалык Кеңеш ыйгарым укуктарды бөлүштүрүп тапшырат**.

Бул комиссия жыйынтыгында Профилактикалык Кеңешке бул иш боюнча маалымат бериш керек жана чара көрүү боюнча толук план иштеп чыгышы керек.

6.Эгерде даттануу анонимдүү мүнөздө болуп, бирок кылмыш жаза мыйзамынын аракети астындагы зомбулук түрүнө кирсе (коркунучта калтыруу, 1-деңгээлдеги зомбулук) комиссия тарабынан эң алгач даттануунун ээсин табуу чаралары көтөрүлөт.

Даттануунун ээсин аныктоо чаралары окуучулардын инсандыгын анализдеп чыгуу, ошондой эле окуучулар, мугалимдер жана алардын класс жетекчилери менен жекече сүйлөшүүлөрдү камтыйт.

Бул чаралар окуучуларга психологиялык же дагы башка залака тийүүсү жол бербөө максатында кылдат, сылык жана сабырдуу мүнөздө болушу керек.

7. Берилген нускаманын 3.2.4. пунктунда каралган 3 жана 2деңгээлдеги таасир этүү жана ошондой эле 4 деңгээлдеги таасир этүү фактысы аныкталган учурда, Профилактикалык Кеңеш класс жетекчи, керектүү учурда окуучунун ата-энеси жана башка кызыкдар адамдар менен чогуу жабырлануучу-окуучу жана агрессор менен иштөө боюнча, зомбулук фактысынын себептерин аныктоого, чырдашкан

Scanned by TapScanner

тараптарды жараштырууга, ата-энелер менен тийиштүү иш-чараларды өткөрүүгө,ошондой эле зомбулуктун кайталанышын алдын алууга багытталган профилактикалык чараларды камтыган атайын чаралар топтомун иштеп чыгышат. Окуучуларды жана алардын ата- энелери макул болсо, бул окуя же даттанууну карап чыгуу мектептин жараштыруу кызматына берилет.

7. Берилген нускаманын 3.2.4. пунктунда каралган 1деңгээлдеги жана ага барабар 4 деңгээлдеги зомбулук фактысы аныкталган учурда, нөөмөтчү администратор жеке өзү же алгачкы териштирүү боюнча комиссия менен бирге медициналык жардам көрсөтүү боюнча ошондой эле бул факт жөнүндө ички иштер органдарына, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу аймактык органга, аймактык билим берүү органдарына, ата-энелерге маалымат жеткирүү боюнча токтоосуз чаралар көрүлөт. Профилактикалык Кеңештин отурумунда бул фактыны кароо үчүн иш кгаздар даярдалат. Бул фактыны жашыруу, буга барабар эле бул фактыны жашыруу үчүн окуучуларга жана алардын ата- энелерине карата басым жасоого жол берилбейт.

8. Эгерде жаңжал кылмыш жана мыйзамдарынын тескөө чөйрөсүнө туура келсе, даттануунун сакталышына жана анын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга кийинки тергөө иштеринин алкагында колдонуусу үчүн өткөрүп берүү үчүн Профилактикалык Кеңештин бардык катышуучулары керт башы менен жоопкерчиликтүү болушат.

9. Зомбулук фактысын тергөө иштерин укук коргоочу органдары жүргүзгөн учурда, профилактика кеңеши ыйгарым укуктуу укук коргоочу органдарга, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдарга, балдар иштери боюнча комиссияга, ошондой эле сотко бул зомбулук фактысына жана жабырлануучу - окуучу жана агрессордун өздүгүнө тиешелүү болгон бардык иш кагаздарын жана маалыматтарды тапшыруу үчүн жооптуу адамды дайындайт.

Тапшырылган маалыматтар анык болушу керек жана тараптардын рассасына, жынысына, улутуна, диний көз караштарына, социалдык абалына, жетишкендигине, жүрум-турумуна, тырышчаактыгына ж.б. белгилерине байланыштуу эч кандай дискриминациасыз бей тараптуу чындыкты чагылдырышы керек.

10. Берилген нускаманын 3.2.4. пунктунда каралган 1-деңгээлдеги жана ага барабар 4-деңгээлдеги зомбулук фактысы аныкталган учурда Профилактикалык Кеңеш жапа чеккен окуучуну коргоо жана реабилитациялоо боюнча жеке план жана ошондой эле агрессор менен иштөө же жана чара көрүү үчүн жеке план иштеп чыгат, бул пландар жалпы билим берүү мекемесинин директору тарабынан бекитилет жана балдар иштери боюнча комиссиясына же балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органга макулдашууга берилет. Бул планды жалпы билим берүү мекемесинин ишине катышкан адамдардын баары аткарууга милдеттүү.

11. Катталган зомбулук окуяларын, даттанууларды карап чыгуугунун жыйынтыгында Профилактикалык Кеңеш балдарды коргоо, кайтаруу жана

Scanned by TapScanner

коопсуздугун камсыздоо боюнча иш-чараларды өткөрүүгө багытталга жана ошондой эле окуу жайдан зомбулуктун алдын алууга, жалпы билим берүү процессинин катышуучулары менен жекече индивидуалдык алдын алуу иштерин жүргүзүүгө багытталган ал эмгек жамаатын же педагогикалык кеңештин жалпы чогулушунда бекитилет жана бардык кызматкерлерге маалымданып окуу жайдын иш планына киргизилет. Чейректин жыйынтыгы боюнча тарбия иштери боюнча директордун орун басары өткөрүлгөн иш –чаралар жана алардын жыйынтыктары боюнча маалымат даярдайт жана бул маалымат Профилактикалык Кеңештин отурумунда окулат.

12.Эгерде Профилактикалык Кеңештин отурумунда окуучуга карата жасалган жалпы билим берүү мекемесинде болуп өтпөгөндөгү аныкталса, же окуучуга карата жасалган зомбулук үй бүлө зомбулугу экендиги аныкталса бул факты боюнча маалыматтар кийинки тергөө иштерин жүргүзүү жана окуяны көзөмөлдөө үчүн балдарды коргоо боюнча атайын ыйгарым укуктуу органдарга, жана ошондой эле ички иштер органдарына өткөрүлүп берилет. Өз кезегинде, оор турмуштук абалда калганда бала окуган класстын класс жетекчиси билим алган жалпы билим берүү мекемесинин атынан коргоо көрсөтө турган ыйгарым укуктуу органдардын адистери менен иштешет.

12.Зомбулук фактыларынын эсеби боюнча, оор турмуштук абалда калган, сабакка келбеген же олуттуу себеби жок эле бат-бат сабактарды калтыруучу окуучулар боюнча маалыматтар тарбия иштер боюнча директордун орун басары тарабынан ар бир чейрек сайын жалпыланып, билим берүү процессинин катышуучуларынын коопсуздугун камсыздоо боюнча жагдай менен тааныштыруу жана тийиштүү оңдоп түзөөчү тарбиялык иш чараларды өткөрүү үчүн бул маалыматтар Профилактикалык Кеңештин отурумунда тааныштырылат.

13. Зомбулук жана кайдыгер мамиле фактысы тастыкталган учурлар боюнча «Профилактикалык Кенеш» толук чараларды кабыл алат, тийиштүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга жана ата-энелерге (мыйзамдуу өкүлдөр) маалымдайт.

14. Жалпы билим берүү мекемесинин директору ар бир чейректе жана ар бир окуу жылынын аягында ыйгарым укуктуу аймактык билим берүү органына окуу жайдын Профилактикалык Кеңешинин ишмердүүлүгү жөнүндө отчет тапшырат, ал отчет ичинде зомбулук фактылары боюнча келип түшкөн даттануулардын саны, жалпы билим берүү мекемесинде катталган зомбулуктун түрлөрү, катталган зомбулук фактысы боюнча жабырлануучуга, ошондой эле зыян келтирүүчүгө карата окуу жай кабыл алган чаралар алдында окуу жайда зомбулуктун алдын алууга багытталган ыкмалар жана чараларды камтыйт

Scanned by TapScanner

## 2-бөлүк. Алдын алуу чаралары

15. Укук бузууларды, зомбулуктун жана окуучулардын муктаждыктарына кайдыгер мамиленин алдын алуунун алкагында жалпы билим берүү мекемесинин Профилактикалык Кеңештин:

- окуучулардын мамлекеттик органдар менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана коомдук уюмдар менен өз ара иштешет;
- окуучулардын укуктук билим алуусун жана тарбияланусун камсыздайт;
- ички иштер органдары тарабынан балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдарга зомбулук, укук бузууларга барган окуучулар, балдарын тарбиялоо боюнча өз милдеттерин аткарбаган жана аларга терс таасир берип жаткан ата-энелер(мыйзамдуу өкүлдөр ) өңүндө маалымат жеткирет;
- ички иштер органдары менен бирге профилактикалык учетко коюлган окуучулар жана ата-энелер (мыйзамдуу өкүл) менен жекече (индивидуалдык) алдын алуучу иш чараларды өткөрөт;
- балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдар менен бирге окуудан качкан мектеп жашындагы өспүрүмдөрдү окууга тартуу чараларын көрөт;
- билим берүү- тарбиялоо процессинин катышуучуларына зомбулуктун индикаторлору, түрлөрү, физикалык, жүрүм-турумдук белгилери, зомбулук фактысына тушуккан учурда иш-аракеттердин тартиби же жалпы билим берүү мекемесинин кызматкерлеринин, окуучулардан, алардын ата-энелеринен (мыйзамдуу өкүлдөрү), мамлекеттик органдардан жана бөтөн адамдардан маалымат алуу жолдору жөнүндө маалымат жеткирилет.

16. Жалпы билим берүүчү уюмда зомбулуктун алдын алуу жана токтотуп калуу максатында Профилактикалык Кеңеш төмөнкүлөргө укуктуу:

- керектүү учурда окуучуларды кеңеш алуу үчүн психологго жөнөтүүгө;
- психологдон, социалдык педагогдон, класс жетекчиден жеке иш планын талап кылууга, ошондой эле бул пландын аткарылышы боюнча окуучулардын психологиялык абалы боюнча жыйынтыктоочу бөлүктү камтыган, окуучунун инсандык психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн, микрочөйрөсүн жана жашоо шарттарын аныктоо боюнча ишке ашкан зыяраттардын жыйынтыгы боюнча тийиштүү кеңештерди камтыган отчет талап кылууга;
- окуучулардын укуктарын бузулуусунун алдын алуу жана зомбулуктун алдын алуу максатында, окуучулар менен жеке (индивидуалдык), ошондой эле жамааттык негизде өз алдынча маалыматтык агартуучу иш чараларды (тренингдер, лекциялар, семинарларж.б.) уюштурууга.

17. Педагогикалык жамаат жана жалпы билим берүү мекемесинин кызматкерлери төмөнкүлөргө милдеттүү:

- мекемеде жагымдуу атмосфераны түзүү боюнча иш чараларды өткөрүүгө, жана ошондой эле билим берүү-тарбиялоо процессинин катышуучуларынын ортосунда ак ниеттүү мамилелерди түзүүнү камсыздоого;
- окуучулардын укуктарын бузууларды аныктоо маселелеринде кылдат болуу;
- окуучуларга эмгекти сыйлоо жана коопсуздук техника, өндүрүштүк тазалык жана гигиена, өртко каршы коопсуздук, балдардын өмүрүн жана ден

Scanned by TapScanner

соолугун коргоону камсыздоону билүү жана бул суроолор боюнча окуучуларга нускамаларды берүү;

- билим берүү процесси учурунда, сабактардан тышкаркы жана жалпы билим берүү мекемеси уюштурган мектептен тышкаркы иш чаралар өтүп жатканда, окуучулардын жана окуу жайдын башка кызматкерлердин катышы бар кырсыктардын алдын алуу үчүн бардык жөндүү чараларды көрүү; майып болуп калган жана кырсык учурларда-жабыркагандарга колдон келишинче жардам көрсөтүү; бардык майып жана кырсык учурлар жөнүндө токтоосуз жетекчиликке, нөөмөтчү администраторго кабарлоо,
- зомбулук фактыларын жашырууга жол бербөө жөнүндө, «ишеним кутусу» жана ишеним телефонунун жумушу жөнүндө, бардык зомбулук фактылары, укук бузуулар, жана ошондой эле даттануулар жана арыздарды кароо сырдуулукту (конфиденциалдуулукту) сактоого кепилдик жөнүндө маалымат берүүнүн маанилүүлүгү боюнча кеңири масштабдагы үгүт иштерин жүргүзүү;
- окуучулардын үстүнөн жалпы байкоо жүргүзүү, анын ичинде окуучуларга карата жасалган физикалык жана психологиялык зомбулуктун сырткы белгилерин табуу үчүн байкоо жүргүзүү (көгөрүү, канталаган жерлер, ыйлаактык жана башка көрүнүүчү белгилер) жана табылган маалыматты Профилактикалык Кеңеште кароо үчүн көтөрүп чыгуу;
- Профилактикалык Кеңеш тийиштүү чараларды кабыл алуусу үчүн белгилүү болгон бардык зомбулук, ыпайымсыздык жана окуучулардын муктаждыктарына кайдыгер мамиле фактылары жөнүндө, жалпы билим берүү мекемесинин нөөмөтчү администраторуна маалымат жеткирип туруш керек.

18. Класс жетекчилер төмөнкү иш-аракеттерди дайыма жүргүзүшү керек:

- мыйзам бузууларды, чыр-чатак, класста зомбулуктун алдын алуу боюнча алдын алуу иштер,
- оор турмуштук кырдаалда калган, мектептеги сабактарга келбеген же олуттуу себепсиз сабактарды бат-бат калтырган окуучулардын эсеп-кысабын жүргүзүү;
- бейтааныш адамдар менен мамиле кылуунун эрежелери боюнча окуучуларга класстык сааттар өткөрүлөт, ата-энелерге үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууга, балдардын коопсуздугун күчөтүүгө багытталган чогулуштарды өткөрүү (түшүндүрүү иштерин өткөрүү, окуучу үчүн мектептен үйгө чейинки жолдун коопсуз маршрутун иштеп чыгуу).

19. Ата-энелерди зомбулуктун алдын алуу процессине тартуу төмөнкү профилактикалык иш чараларды уюштуруу аркылуу жүргүзүлөт.

- жалпы билим берүү мекемеси уюштурган билим берүү-тарбиялоо процессинин мазмуну жана методикасы менен ата-энелерди тааныштыруу,
- ата-энелерге психологиялык-педагогикалык, укуктук жактан агартуучу иштерин жүргүзүү;
- ата-энелерди окуучулар менен чогуу ишмердүүлүккө тартуу;
- айрым үй-бүлөлөрдөгү окуучулардын тарбиясын оңдоо;
- жеке кеңеш берүүчү чараларды (индивидуалдык консультацияларды) өткөрүү,
- жалпы билим берүү мекемесин жетектөөгө ата-энелерди жана коомчулукту тартуу;

Scanned by TapScanner

Жогоруда аталган иш-чараларды төмөндө көрсөтүлгөн формада өткөрүү мүмкүн:

- анкета толтуруу,
- маектешүү,
- сурамжылоо,
- тестирлөө,
- ата-энелер чогулушун, тематикалык мектептик жана класстык сааттарды, тренинг, лекция жана ата-энелер үчүн конференцияларды, биргелешкен майрамдарды жана башка сабактардан тышкары иш-чараларды уюштуруу.

Ошондой эле ата-энелерди зомбулуктун алдын алуу процессине тартуу, аларды мектепти биргелешип башкаруу органдарынын, Профилактикалык Кеңештин, класстардын жана мектептин ата-энелер комитетинин курамына кошуу, класстык жана жалпы мектептик чогулуш, конференцияларында катыштыруу аркылуу ишке ашырылат.

20. Зомбулуктан коргоону камсыздоонун алкагында окуу жайдын директору:

- Профилактикалык Кеңешти жетектейт, анын ишмердүүлүгүнүн үстүнө көзөмөл жүргүзөт.Окуу жайдын алдындагы ата-энелердин жана ошондой эле окуучуларды зомбулуктан коргоо боюнча биргелешип башкаруу органдарынын түптөгөн миллеттердин ишке ашышы боюнча чараларды кабыл алат, түзүлгөн мектептин органдарынын ишмердүүлүгүн бекитүү боюнча көзөмөл жүргүзөт, алардын курамын түзүүдө мугалимдин жамаатынын атынан катышат;
- зомбулукту токтотуп калуу боюнча алдын алуу жана тарбия иштер системасында окуучулардын жана окуучулардын катышын камсыздайт, ошондой эле жашы жете элек өспүрүмдөрдүн укуктарын сактоо жана коргонуу камсыздаган мамлекеттик жана бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусун камсыздоого көмөктөшөт;
- окуучулар үчүн билим алуу, эмгек жана тарбиялоод коопсуз шарттарды камсыздайт, балалыкты, окуу жайда жашы жете электердин укуктарын жана эркиндиктери, айрыкча башка адамдар, ошондой эле мугалимдер, окуучулар, ата-энелер тарабынан коркунуч жана физикалык зомбулуктан коргоо боюнча иш чараларды өткөрүүнү камсыздайт.

**3-бөлүк. Жоопкерчилик**

21. Балдардын өмүрү жана саламаттыгы, окуучулардын укуктарынын сакталышы ошондой эле билим берүү процесси учурунда бул укуктардын бузулуу фактылар боюнча өз убагында чара көрүү үчүн жалпы билим берүү мекемесинин директору, мектеп администрациясынын өкүлдөрү, педагогикалык курам жана жалпы билим берүү мекемесинин башка кызматкерлери керт башы менен жооп берет.

22 Жалпы билим берүү мекемесинде окуучу тарабынан зыян келтирүү фактысы аныкталган учурда, Профилактикалык Кенеш, тартип бузуучу окуучуга карата төмөнкү жоопкерчилик формаларын колдоно алат:

- Жалпынын көзүнчө же жеке формада жабырлануучудан кечирим суроо;
- Мектептин ички учетун тургузуу;
- Жалпы билим берүү мекемесинин администрациясынан төмөнкүлөрдү өтүү;

Scanned by TapScanner

- эскертүү берүү;
- балдар иштери боюнча комиссияга тааныштыруу үчүн багыттоо;
- өспүрүмдөр иштери боюнча инспекцияга багыттоону өтүнүү.

23. Окуучунун ден соолугуна зыян келтирген күнөөлүү адамдар дагы келтирилген зыяндын ордугуна жараша, кылмыш жаза кодексинин тийиштүү беренелеринде каралган жазык жоопкерчилигине тартылат.

24. Педагогикалык этиканын эрежелеринин бузулушу, жалпы билим берүү мекемесинин педагогикалык кеңешинин чыр-чатак комиссиясында профессионалдык ишке жарамдык суроосунун каралуусуна жана ошондой эле колдонуудагы мыйзамдардын алкагында жоопкерчиликке тартылышына негиз болушу керек. Бул учурда комиссиянын отуруму сөзсүз түрдө профсоюздун өкүлдөрүнүн катышуусунда өтүшү керек. Мугалим келип түшкөн даттануу менен таанышып, өз эскертүүлөрүн берүүгө укуктуу. Мугалимге карата жана ошондой эле даттанууну жазган окуучуга жана же анын ата-энесине карата даттануу боюнча комиссиянын иши жазалоочу мүнөздө болушу керек. Эгерде мугалим, ата-эне кабыл алынган чечим менен макул болбосо, жана ошондой эле ата-энеге, мугалимге же окуучуга басым жасалган болсо, алар ыйгарым укуктуу органдарга кайрылууга укуктуу(профсоюздукуюмгаб билим берүү жаатында жогору турган орган, прокуратурага, сотко) .

25. Жалпы билим берүү мекемесинде жүрүм-турумэрежелерин, педагогикалык этиканы, тарбия эрежелерин, педагогикалык этиканы, тарбия эрежелерин бузгандыгы үчүн тартип бузуучу кызматкерге карата эскертүү, жумуштан кетирүү түрүндөгү дисциплинардык чаралар көрүлүшү мүмкүн.

26. Профилактикалык Кеңеш жашы жете элек өспүрүмдүн ата-энелерине карата төмөнкүдөй жоопкерчилик чараларын колдоно алат:

- жалпы билим берүү мекемесинин администрациясынын алдында өтүнүү.
- ата- энелерди педагогикалык кеңешмеге чакыруу;
- балдар иштери боюнча комиссияга тааныштыруу үчүн багыттоо;
- ата-энелерге карата чара көрүү үчүн ички иштер органдарына, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдарга же\ жана прокуратурага өтүнүч жөнөтүү;

27. Ата-энелер жана алардын ордун аткарган адамдар, билим берүү процессинин катышуучулары, жалпы билим берүү мекемесинин кызматкерлери, ошондой эле балдарды тарбиялоо милдети жүктөлгөн башка адамдар, балада зомбулуктун издерин тапкан учурда, нөөмөтчү администраторго, окуу жайдын директоруна, укук коргоочу органдарга, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнө тийиштүү чараларды көрүлүшү үчүн маалымат жеткирет. Зомбулук фактысын жашырып койгон адам, колдонуудагы мыйзамда каралган жазык жоопкерчилигине тартылууга тийиш.

Scanned by TapScanner